БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫ ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДА ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯДАН ӨТҮҮ БОЮНЧА

Методикалык сунуштамалар

Бишкек, 2022

Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары үчүн билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда институционалдык аккредитациядан өтүү боюнча методикалык сунуштамалар “Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр” долбоорунун ишмердигинин алкагында түзүлгөн / Автор-түзүүчү Г.Р. Дуйшебаева, Б.Т. Акулованын, Б.Э. Таштобаеванын редакциясында.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жумушчу тобу:

1. Акулова Б.Т.
2. Гордеева И.Б.
3. Нуруева Ж.Б.
4. Сариева И.К.
5. Таштобаева Б.Э.
6. Усупбаева Э.Р.
7. Усупова Э.М.
8. Чалова Э.

Методикалык сунуштамалар институционалдык аккредитациялоодо башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары (БКБ БУ) иш жүзүндө колдонуу үчүн кеңештерди жана материалдарды камтыйт.

БКБ БУнун жетекчилерине, кызматкерлерине жана өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын мүчөлөрүнө, ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлерине, башка кызыкдар тараптарга арналат.

Мазмуну

Кыскартуулардын тизмеси 4
Глоссарий 5
КИРИШҮҮ 6
ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯ 7
Институционалдык аккредитациядан өтүүнүн этаптары 8
БКБ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООСУ 8
Минималдуу талаптар 9
Өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнүн тартиби 12
1-милдет. Комиссия түзүү 12
2-милдет. Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү 15
3-милдет. Отчет даярдоо 22
4-милдет. ПКнын отчетту бекитүү жана арыз берүү жөнүндө чечим кабыл алуусу 23
Башталгыч кесиптик билим берүү уюмун институционалдык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери 24
АККРЕДИТАЦИЯЛООДОН КИЙИНКИ ИШ-ЧАРАЛАР 37
Сапатты камсыздоо стратегиялары 37
АККРЕДИТАЦИЯНЫН ЖАРАКТУУЛУГУН ТОКТОТО ТУРУУ, КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ 38
АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ДОКУМЕНТТЕР 39
Колдонулган адабияттар 41

Кыскартуулардын тизмеси

БП – билим берүү программасы

БУ – билим берүү уюму

БКБ – башталгыч кесиптик билим берүү

БМС – башкаруунун маалыматтык системасы

ББМС – билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы

ИПК – инженердик-педагогикалык кызматкерлер

ИССК – сапатты камсыздоонун ички системасы

КР - Кыргыз Республикасы

КУА – квалификациялардын улуттук алкагы

МБС – мамлекеттик билим берүү стандарты

ПК – педагогикалык кеңеш

ОН – окутуунун натыйжалары

ОӨМИ – окуу-өндүрүштүк жана методикалык иш

Глоссарий

коопсуз билим берүү чөйрөсү - окуучуларга жана персоналга зыяндуу же коркунучтуу факторлордун таасири болбогон же болбосо алардын таасиринин деңгээли белгиленген ченемдерден ашпаган окуу шарттарын камсыздоочу чөйрө;

кызыкдар тараптар - мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), билим берүү уюму, билим берүүнүн сапатына кызыкдар болгон социалдык өнөктөштөр, коммерциялык эмес уюмдар;

билим берүү уюмунун миссиясы - кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн, жамааттын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу билим берүү уюмунун багыты жөнүндө кабыл алынган чечим;

кайтарым байланыш - көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугу жөнүндө кызыкдар тараптардын оозеки жана жазуу жүзүндөгү баалоолору, ошондой эле комментарийлери;

билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты - билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген, билим берүүнүн сапатын башкарууга багытталган документтердин жыйындысы;

ресурстар - каалаган натыйжага жетүү үчүн окутуу процессине тартылган кадрдык, материалдык-техникалык, окуу-методикалык, маалыматтык ресурстар;

өзүн-өзү баалоо – БУнун ишмердигин белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн баалоо процесси;

сапат — БУнун окутуунун натыйжаларынын кызыкдар тараптардын белгиленген талаптарына ылайык келүүсү;

сапат боюнча комиссия – БУнун ишмердигин ички жана тышкы баалоо үчүн түзүлүүчү айрым кызматкерлердин жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн бирикмеси;

натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү – бул ишмердиктин сандык көрсөткүчтөрү, алар максатка жетүүнүн даражасын же процесстин оптималдуулугун, тактап айтканда: натыйжалуулукту жана ээффективдүүлүктү өлчөөгө жардам берет;

сапат маданияты – билим берүүнүн сапатын камсыздоо максатында БУнун кызыкдар тараптары тарабынан БУнун ишмердүүлүгүнүн бардык деңгээлинде калыптануучу жана колдоого алынуучу БУдагы жүрүм-турум баалуулуктары жана башкаруу эрежелери;

мониторинг – БУнун ишмердүүлүгүнүн сапатынын реалдуу абалына, процесстердин абалын жана жетишилген натыйжаларды БУнун планы менен салыштыруу максатында маалыматтарды чогултуу аркылуу процесстерди ишке ашыруунун жүрүшүнө системалуу жана туруктуу байкоо жүргүзүү;

квалификациялардын улуттук алкагы – улуттук квалификациялык системаларды интеграциялоо жана координациялоого, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыздоого багытталган жана квалификациялардын ылайык келүүсүн тастыктоо жана ыйгаруу системасы үчүн негиз болуучу критерийлердин топтомуна ылайык квалификациялардын деңгээлдеринин түзүмдөштүрүлгөн баяндамасы;

билим берүүнүн сапатын камсыздоо — белгиленген талаптарга ылайык келүүчү квалификацияны же окутуунун натыйжаларын калыптандыруунун сапатына багытталган системалуу жана ырааттуу процесс;

баалоо – пландын аткарылышынын даражасын жана сапатын аныктоо максатында өткөрүүнүн конкреттүү мөөнөтү менен бир жолку процедура, БУнун процесстерин талдайт жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берет;

процесс – БУнун ишмердүүлүгүнүн өз ара байланыштуу жана өз ара аракеттенүүчү түрлөрүнүн жыйындысы, ал кызыкдар тараптардын талаптарына ылайык келүүчү кирүүлөрдү (ресурстарды) натыйжаларга (чыгууларга) айландырат;

стратегиялык пландоо - өзү менен уюмдун максаттарын тандоо процессин жана аларга жетишүү жолдорун билдирүүчү БУну башкаруунун функцияларынын бири;

окутуунун натыйжалары – негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

негизги процесстер - продукцияны түзүүгө түздөн-түз багытталган процесстер, б.а. продукциянын баалуулугун толуктоочу процесстер (мисалы, билим берүү процесси, практика). Мындай процесстердин натыйжасы болуп продукция (калыптанган компетенциялар) саналат;

көмөкчү процесстер - уюмдун негизги продукциясын түздөн-түз кайра жаратпаган, б.а. баалуулуктарды кошпогон, бирок негизги процесстерди камсыздоо үчүн зарыл болгон процесстер. Мындай процесстердин натыйжасы болуп негизги процесстер үчүн ресурстар саналат (мисалы, ИПКнын квалификациясын жогорулатуу);

финансылык аудит - уюмдун экономикалык жана финансылык абалын комплекстүү текшерүү, уюмдун финансылык отчетторундагы маалыматтардын аныктыгын текшерүү, ошондой эле анын өнүгүү перспективаларын талдоо жана баалоо, ал уюмдун өзүнүн адистери тарабынан да (ички аудит), ошондой эле жетекчиликтин заказы боюнча башка аудитордук компаниялар тарабынан да (көз карандысыз аудит) жүргүзүлүшү мүмкүн;

натыйжалуулук – жетишилген натыйжа менен колдонулган ресурстардын катышы.

КИРИШҮҮ

Башталгыч кесиптик билим берүүнүн (мындан ары - БКБ) билим берүү уюму (мындан ары - БУ) үчүн институционалдык аккредитациядан өтүү боюнча методикалык сунуштамалар билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) институционалдык аккредитациядан өтүүнүн тартибин баяндайт.

Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) аккредитациялоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык БУ аккредитациядан ыйгарым укуктуу органда же көз карандысыз аккредитациялык агенттикте өтүүгө укуктуу.

Методикалык сунуштамалар КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы №670 "КР Билим берүү системасында көз карандысыз аккредитациялоо жөнүндө актыларды бекитүү тууралуу", 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомдоруна ылайык иштелип чыккан.

Аккредитациянын негизги максаттары:

- билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
- БУнун ишмердигинин сапатын баалоонун натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымдоо;
- үзгүлтүксүз өзүн-өзү баалоо жана жакшыртуу аркылуу БУнун өнүгүүсүнө түрткү берүү;
- КРдин билими жөнүндө документтерин жана квалификацияларын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде таанууга көмөк көрсөтүү.

Аккредитация төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

- объективдүүлүк;
- ачык-айкындуулук.

Аккредитация төмөнкүлөргө багытталган:

- потенциалдуу окуучулардын, иш берүүчүлөрдүн жана кеңири коомчулуктун БУнун жана анын программаларынын сапатына болгон ишенимин бекемдөө;
- эмгек рыногунун жана коомдун керектөөлөрүнө ылайык окутуу боюнча сунуштарды калыптандыруудагы жана ишке ашыруудагы БУнун потенциалын көрсөтүү;
- билим берүү кызматтарын пландаштырууда жана ишке ашырууда тенденциялар жана абал жөнүндө БУга ар тараптуу маалымат берүү;
- БУга стратегиялык максаттарга жетүүдөгү артыкчылыктарды аныктоого көмөктөшүү;
- БУнун билим берүү кызматтарын пландоонун, башкаруунун жана ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга кызыкдар тараптарды тартууга мүмкүндүк берүү;
- БУга кылдат жана объективдүү өзүн-өзү баалоо жүргүзүүгө жана БУнун сапатын жакшыртуу боюнча ырааттуу иштерди жүргүзүүгө дем берүү.

Методикалык сунуштамалар институционалдык аккредитациялоодо БКБ БУ тарабынан иш жүзүндө колдонуу үчүн кеңештерди жана материалдарды камтыйт. Методикалык сунуштамалар БКБ БУнун жетекчилерине, кызматкерлерине жана өзүн-өзү

баалоо боюнча комиссиялардын мүчөлөрүнө, ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлерине, башка кызыкдар тараптарга арналат.

ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯ

Институционалдык аккредитация – БКБ БУну ички башкаруунун ажырагыс бөлүгү катары сапатты камсыздоонун ички системасына (мындан ары - ИССК) өзгөчө көңүл буруу менен БУнун ишмердигин ар тараптуу баалоо, башкаруунун жана окутуунун натыйжалуулугун баалоо.

Институционалдык аккредиатция БКБ БУ үчүн милдеттүү болуп саналат. БКБ БУну институционалдык аккредитациялоо программалык аккредитациялоо менен бир учурда өткөрүлүшү мүмкүн.

Жаңы түзүлгөн БКБ БУ алгач институционалдык аккредитациядан өтөт. Бүтүрүүчү курс болгон учурда – программалык аккредитациядан өтөт.

БКБ БУнун жетекчиси институционалдык аккредитацияны уюштуруу жана өтүү, аналитикалык отчетту даярдоо үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

Менчик формасына жана ведомстволук таандыгына карабастан бардык БКБ БУлар үчүн аккредитациядан өтүү КР мыйзамдарында белгиленген бирдей шарттарда жана негиздер боюнча ишке ашырылат.

Ошол эле учурда БКБ БУнун маалыматтары (мисалы, материалдык-техникалык база (мындан ары – МТБ), окутуучулук курам, кабыл алуу, бүтүрүп чыгаруу, окуучулардын жетишүүсү жана катышуусу, билим берүү программалары ж.б.) ыйгарым укуктуу органдын Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасында (мындан ары – ББМС) болбосо, БКБ БУ ыйгарым укуктуу органда институционалдык аккредитациядан өтө албайт[1].

БКБ БУну институционалдык аккредитациялоо ыйгарым укуктуу органга БУнун жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде 5 жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Институционалдык аккредитацияны өткөрүүгө кеткен чыгымдар БКБ БУнун[2] каражаттарынын эсебинен КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 40-беренесине ылайык төлөнөт.

Институционалдык аккредитацияда сапатты баалоо БУнун миссиясына, стратегиялык максаттарына, жалпы саясатына, уюштуруучулук түзүмүнө, башкаруу процедураларына, процесстерине жана практикасына, алардын БУ сунуштаган бардык билим берүү программаларынын (мындан ары – БП) сапатына тийгизген таасирине байланыштуу.

Институционалдык жана программалык аккредитацияны бир учурда өткөрүүдө ИССКнын, башка процедуралардын жана процесстердин, ошондой эле БУнун ресуртарынын аккредитациялоого берилген программалардын мисалында БУнун билим

[1] КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтому, 1-тиркеме, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы № 289 токтомунун редакциясына ылайык.

[2] КРдин 2003-жылдын 30-апрелиндеги “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы, 2021-жылдын 23-мартындагы редакцияга ылайык.

берүү программасын ишке ашырууга жана жакшыртууга карата ресурстарынын таасири бааланат.

Ошентип, институционалдык аккредитация БУнун сапатын башкаруу үчүн БКБ БУ потенциалга жана мүмкүнчүлүктөргө, белгиленген ИССКга ээ экендигин жана өзүнүн билим берүү программаларынын сапатын камсыздай тургандыгын баалайт жана тастыктайт.

БКБ БУ билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин (мындан ары – ПК) августтук отурумунда БУнун акыркы 5 жылдын ичиндеги ишмердигинин натыйжаларын жана акыркы аккредитациянын мөөнөттөрүн эске алуу менен институционалдык же программалык аккредитациядан өтүү планын иштеп чыгууга жана бекитүүгө тийиш.

Институционалдык аккредитациядан өтүүнүн этаптары

БКБ БУну институционалдык аккредитациялоо төмөнкү этаптардан турат:

- БКБ БУнун өзүн-өзү баалоосу;
- ыйгарым укуктуу органдын БУну тышкы баалоосу;
- ыйгарым укуктуу органдын чечим кабыл алуусу.

Институционалдык аккредитациянын схемасы 1-сүрөттө берилген.

1-сүрөт. Институционалдык аккредитациянын схемасы

БКБ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООСУ

БКБ БУну институционалдык аккредитациялоонун негизги этабы болуп кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен БУ тарабынан өткөрүлүүчү объективдүү жана ачык-айкын өзүн-өзү баалоо саналат. Туруктуу жакшыртууга умтулуучу кандай болбосун БКБ БУ жыл сайын, үзгүлтүксүз өзүн-өзү баалоону практикалашы керек жана жыл сайын өзүн-өзү баалоону пландоого тийиш.

Өзүн-өзү баалоо – БУнун өзүнүн билим берүү кызматтарын натыйжалуу көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн комплекстүү баалоо. Өзүн-өзү баалоодо натыйжага жана өнүгүүгө багытталган мамиле колдонулат. Өзүн-өзү баалоо бекитилген пландардын, ченемдердин жана талаптардын аткарылышына формалдуу түрдө далилдерди гана топтобостон, БУну өнүктүрүүгө багытталууга тийиш.

Комплекстүү баалоо жыл сайын жүргүзүлүүчү өзүн-өзү баалоонун натыйжаларына негизделиши керек. Өзүн-өзү баалоодо БУ төмөнкүлөр үчүн өзүнүн акыркы 5 жылдагы ишмердигин ар тараптуу текшерет:

- БУнун билим берүү кызматтарынын сапатынын өнүгүү жана жакшыруу динамикасын аныктоо;
- өнүгүүнү токотуучу же тоскоолдук кылуучу терс таасирдүү факторлорду талдоо;
- билим берүү кызматтарын жана БУну башкарууну, жалпысынан БУнун ишмердигин жакшыртуу үчүн артыкчылыктуу багыттарды макулдашуу.

Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгында БКБ БУ төмөнкүлөрдү көрсөтүшү керек:

- билим берүү кызматтарын эмгек рыногунун жана коомдун учурдагы жана келечектеги керектөөлөрүнө багыттагандыгын;
- белгиленген миссияны аткарууга туруктуу умтулгандыгын;
- коомдун, өлкөнүн, аймактын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөөрүн.

БКБ БУ КР Министрлер кабинети тарабынан бекитилген талаптарга ылайык БУнун ишмердигинин натыйжалуулугуна өз алдынча баалоо жүргүзөт:

- аккредитациялануучу БУга карата минималдуу талаптарга;
- лицензиялык талаптарга;
- МБСтин талаптарына.

Минималдуу талаптар

Институционалдык жана программалык аккредитациялоодо минималдуу талаптар[3] БУнун төмөнкү аспекттерине карата 2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй коюлат:

2-сүрөт. Минималдуу талаптар

[3] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-январындагы № 18 “КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы №670 “Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому.



Минималдуу талаптар ыйгарым укуктуу орган тарабынан БКБ БУну институционалдык (3-сүрөт) жана программалык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлерине топтоштурулган[4].

3-сүрөт. БКБ БУну институционалдык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери



БУ өзүн-өзү баалоодо көңүлдүн предмети болуп БУнун миссиясын аткаруу контекстинде БУнун ишмердигинин ар кандай аспектилериндеги БУнун жетишкен натыйжалары саналат. БУнун миссиясынан жана стратегиясынан жетишилген натыйжага чейинки өзгөрүүлөр жана кайра түзүүлөр процесси тышкы баалоо критерийлеринин жана БУнун миссиясына жана стратегиясына жетишүү индикаторлорунун жардамы менен өлчөнөт. Минималдуу талаптарды жана натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн колдонуу менен БУ өзүн-өзү баалоодо иш жүзүндөгү менен пландаштырылган натыйжалардын ортосундагы айырманы аныктоого, БУнун миссиясын жана стратегиясын ишке ашырууга тоскоолдук кылган факторлорду жана себептерди аныктоого тийиш.

Ошентип, БУ өзүн-өзү баалоодо миссияны ишке ашыруу процессин жана стратегиялык максаттарга жетишүү процессин толугу менен, башынан аягына чейин талдашы керек. Жетишилген натыйжаны баалоодо пландоодогу, ресурстарды тартуудагы же процесстерди уюштуруудагы кетирилген каталарды жана кемчиликтерди аныктоо зарыл.

[4] Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-декабрындагы №904/1 буйругу.

Билим берүү кызматтарынын сапатын аныктоо үчүн маанилүү болгон аккредитациялануучу БУга карата башка талаптар болуп лицензиялык талаптар жана МБСтин талаптары саналат.

Мисалы, БУну шарттуу аккредитациялоодо же аккредитациялоодон баш тартууда ыйгарым укуктуу орган лицензиялык контролдоо процедурасын жүргүзүүгө тийиш жана БУнун ишмердигинде аныкталган кемчиликтерди жоюу үчүн административдик чараларды көрүшү керек[5].

БУнун аныкталган кемчиликтерди жоюу жана БУнун билим берүү кызматтарын жакшыртуу боюнча күч-аракети же чаралары БУну өнүктүрүү стратегиясында, БУнун жылдык планында, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана ИПКнын индивидуалдуу пландарында, ошондой эле БУнун ченемдик жана методикалык документтеринде чагылдырылышы керек.

Ошентип, институционалдык аккредитациялоодо БУда кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен туруктуу өзүн-өзү баалоо аркылуу БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн багыттарды аныктоого негиз болот:

- БУнун миссиясынын жана стратегиялык максаттарынын ишке ашырылышына байкоо жүргүзүү менен;
- БУнун пландаштырган жана жетишилген натыйжаларынын ортосундагы айырманы аныктоо менен;
- “абитуриент-окуучу-бүтүрүүчү” болуп өзгөрүү процессине байкоо жүргүзүү менен;
- бардык ресурстарды жана процесстерди башкаруунун натыйжалуулугун өлчөө менен;
- окуучунун жана бүтүрүүчүнүн компетенцияларын баалоо процедураларын талдоо менен;
- бүтүрүүчүлөргө эмгек рыногуна чыгуу этабында жана ишке орношуу боюнча байкоо жүргүзүү менен;
- кызыкдар тараптардын БУнун окутуу боюнча сунуштарына канааттануу даражасын баалоо менен.

Өзүн-өзү баалоонун жана БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча кийинки иш-чаралардын жыйынтыгында БУ төмөнкүдөй пайда алат:

- өзүн-өзү баалоо боюнча отчет аркылуу БУга жана анын билим берүү программасына карата ишеним;
- сапаттын жогорку стандартына жетишүү;
- жакшыртуу үчүн ресурстардын жана куралдардын жеткиликтүүлүгү;
- билим берүүнү жана окутууну жакшыраак түшүнүү;
- бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясынын салыштырмалуугу жана таанылуусу;
- өнөктөштөр менен жемиштүү кызматташуу;
- жакшыртуу жана өнүгүү үчүн куралдар.

[5] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 токтомуна 1-тиркеме (КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июундагы № 289 токтомунун редакциясына ылайык)

Өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнүн тартиби

БКБ БУнун өзүн-өзү баалоосу 4-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, бир нече ырааттуу милдеттерден турат:

1. Комиссия түзүү;
2. Өзүн-өзү баалоо;
3. Бардык далилдөөчү документтерди тиркөө менен отчет даярдоо;
4. Институционалдык аккредитациядан өтүүгө арыз берүү жөнүндө ПКнын чечим кабыл алуусу.

4-сүрөт. Өзүн-өзү баалоо милдетинин ырааттуулугу



1-милдет. Комиссия түзүү

Өзүн-өзү баалоону пландоо

БКБ БУ өзүнүн ишмердигин өз алдынча баалоону жыл сайын пландашы жана жүргүзүшү керек. БКБ БУнун ОӨМИ боюнча директорунун орун басары БУнун жыл сайын бекитилүүчү планынын жана аккредитациядан өтүүнүн мөөнөттөрүн талдоонун негизинде окуу жылынын башында БУнун кызматкерлеринин жумалык чогулушунда БУну же БПны аккредитациялоо жөнүндө, аккредитациянын сертификаттары, талдоонун натыйжалары, аккредитациядан өтүүнүн зарылдыгы жөнүндө маалымат берет.

БКБ БУнун жетекчиси ПКнын катчысына институционалдык жана/же программалык аккредитациядан өтүү жөнүндө маселе менен ПКнын күн тартибин түзүүнү тапшырат. ПКнын катчысы БУнун жылдык планына ылайык аккредитациядан өтүү жөнүндө маселе менен күн тартибин түзөт жана ПКнын мүчөлөрүнө отурум өткөрүү жөнүндө маалымат берет.

ПК регламентке ылайык отурум өткөрөт жана чечим кабыл алат:

- программалык жана/же институционалдык аккредитациядан өтүү жөнүндө;
- программалык жана/же институционалдык аккредитациядан бир учурда же өзүнчө өтүү жөнүндө.

БКБ БУнун жетекчиси ПКнын чечиминин негизинде аккредитациядан өтүү жөнүндө, ошондой эле БУнун акыркы 5 жылдагы жалпы ишмердигинин жыйынтыгын өз алдынча баалоо жүргүзүү үчүн комиссия түзүү жөнүндө буйрук чыгарат.

Институционалдык жана программалык аккредитациядан бир учурда өтүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурда БУ 1 буйрук чыгарат жана 1 кеңейтилген курамдагы комиссия түзөт.

Буйрукта төмөнкүлөр аныкталат:

- аккредитациянын түрү;
- комиссиянын курамы;
- ар бир мүчөнүн аты-жөнү жана ээлеген кызматы;
- өзүн-өзү баалоо жүргүзүү башталган жана аяктаган дата;
- ПКнын кароосуна өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту берүү датасы.

Өз алдынча баалоо жүргүзүүнү баштоо жана аяктоо датасы ыйгарым укуктуу органга арыз берүү мөөнөтүн эске алуу менен аныкталат. БУ акыркы аккредитациянын мөөнөтү аяктаганга чейин 3 айдан кем эмес убакыт калганда аккредитациядан өтүү жөнүндө арыз бериши керек. Биринчи жолу ачылып жаткан БУ биринчи окуучуларды бүтүртүп чыгарганга чейин 3 айдан кем эмес мөөнөттө аккредитациядан өтүүгө арыз берет.

БУ аккредитациядан өтүүгө арызды кагаз түрүндө жана электрондук форматта берет. Арыз жана БУнун өзүн-өзү баалоо боюнча отчетун электрондук форматта берүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

БУнун ишмердигине ар тараптуу талдоону өз убагында жүргүзүү жана ыйгарым укуктуу органга арыз берүү мөөнөтүнө аналитикалык отчетту даярдоо үчүн БКБ БУга өзүн-өзү баалоону окуу жылдын башында баштоо сунушталат.

Өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнүн мөөнөтүн пландоодо ошондой эле ыйгарым укуктуу органдын жаңы окуу жылына кабыл алууну пландоо, БУнун бүтүрүүчүлөрүнө берүү үчүн мамлекеттик үлгүдөгү документтерди даярдоого карата заказ түзүү боюнча иш-чараларынын мөөнөттөрү да эске алынат.

Комиссиянын курамы

БУнун өзүн-өзү баалоосу кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен ПКнын чечиминин негизинде БКБ БУнун жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан ишке ашырылат. Комиссиянын өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча иш тартиби жана отчеттун типтүү формасы ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет[6].

Институционалдык аккредитациялоодо БКБ БУнун комиссиясынын сандык жана сапаттык курамы түзүмдүк бөлүмдөрдүн сунуштарын, БУнун кызматкерлеринин өзүн-өзү сунуштоосун, БУнун уюштуруучулук түзүмүн эске алуу менен БУнун жетекчисинин сунушу боюнча ачык түзүлөт.

Комиссиянын курамына башкаруу тажрыйбасы, тышкы баалоочу эксперт катары иш тажрыйбасы менен адамдарды, мониторинг жана баалоо боюнча окуудан өткөн адамдарды кошуу сунушталат. Ошол эле учурда гендердик аспектти эске алуу менен кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн бирдей катышын камсыздоо зарыл (курамдын 25-30% аялдар болушу керек).

Комиссиянын курамын түзүүдө комиссиянын мүчөлөрүнүн көндүмдөрү олуттуу маанике ээ:

[6] https://edu.gov.kg/media/files/57a48b6f-e284-4ada-8bbc-d9562ecc6958.pdf

- уюштуруучулук жөндөмдөрү;
- ар түрдүү аудитория менен баарлашуу көндүмдөрү;
- командада иштөө көндүмдөрү;
- талдоо жана баалоо көндүмдөрү;
- милдетти кыска мөөнөттүн ичинде аткара алуу көндүмдөрү;
- стресске туруктуулугу;
- санариптик көндүмдөрү.

ПКнын чечими менен комиссиянын курамына төмөнкүлөр киргизилет:

- БУнун жетекчиси – комиссиянын төрагасы/төрайымы;
- жетекчинин орун басарлары;
- түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери;
- БУнун методикалык кеңештеринин жетекчилери;
- ПКнын өкүлдөрү, окуучулар, ата-энелер, бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

Комиссиянын милдеттери

БУнун ишмердигин өзүн-өзү баалоого даярдоо учурунда комиссиянын төрагасы уюштуруучулук чогулуш өткөрөт, анда:

- жооптуу адамдарды көрсөтүү, иштин багыттарын жана аларды аткаруу мөөнөттөрүн аныктоо менен өзүн-өзү баалоо жүргүзүү планы бекитилет;
- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын жалпылоочу жана аналитикалык отчетту (мындан ары – отчет) даярдоочу жооптуу адам дайындалат;
- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын ала жана жыйынтыктап кароо мөөнөттөрү аныкталат.

БУга объективдүү, калыс баалоону, маалыматтык коопсуздук эрежелерин жана чараларын сактоону камсыз кылуу үчүн комиссиянын мүчөлөрүнүн этикалык ченемдерин иштеп чыгуу сунушталат.

БКБ БУнун бардык деңгээлинин жетекчилери (директор, директордун орун басарлары, улук мастер, башкы бухгалтер, методикалык кеңештин башчысы ж.б.) өзүн-өзү баалоо процессине тартылышы керек жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту даярдоо үчүн жоопкерчилик тартышат. Ошондой эле, өзүн-өзү баалоого БУнун башка окутуучулары жана кызматкерлери да белгилүү бир түрдө тартылууга тийиш. Мындан тышкары, окуучулардан, бүтүрүүчүлөрдөн, БУнун башка тиешелүү бөлүмдөрүнөн, иш берүүчүлөрдөн, ата-энелерден пикирлерин алуу зарыл.

Талдоого жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун айрым бөлүмдөрүн даярдоо үчүн жооптуулар керектүү ресурстарга жана ыйгарым укуктарга ээ болуусу зарыл.

Институционалдык жана программалык аккредитациядан бир учурда өтүүдө БУ өз-өзүнчө 2 аналитикалык отчет даярдайт, бир отчет – институционалдык аккредитациянын критерийлери боюнча өзүн-өзү баалоонун натыйжалары менен, экинчи отчет – программалык аккредитациянын критерийлери боюнча.

Ар бир минималдуу талап боюнча өзүн-өзү баалоо жүргүзүү учурунда акыркы 5 жыл үчүн төмөнкүлөрдү талдоо жана баалоо зарыл:

- БУнун ишмердигин жөнгө салуучу, ресурстарды, процесстерди, ишмердигинин натыйжаларын чагылдыруучу документтердин болушу;
- БУну жана БПны башкаруу механизмдери;
- өзүн-өзү баалоо жүргүзүү учурундагы БУнун ишмердигинин натыйжалары;
- БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча пландар;
- БУнун билим берүү кызматтарынын сапатын жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча чаралардын натыйжалары.

2-милдет. Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү

Сапатты аныктоо принциптери

Сапатты камсыздоо, биринчи кезекте — БКБ БУнун өзүнүн жоопкерчилиги. Мамлекеттин жалпысынан улуттук кызыкчылыкта сапатты камсыздоо боюнча милдеттенмеси бар болсо да, дал ушул БУ, өзгөчө анын жетекчилиги жана кызматкерлери билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчилик тартышат.

Институционалдык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери БУга карата белгиленген миссиясына ылайык сапаттуу билим берүү талабын коет. БУнун билим берүү кызматтарынын жыйынтыктарынын сапаты жалпысынан төмөнкүлөр менен аныкталат:

- миссияга ылайык бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын калыптанышы, алардын кесиби боюнча ишке орношуу деңгээли, өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу деңгээли;
- кызыкдар тараптардын БУнун өлкөнү өнүктүрүүгө кошкон салымы менен канааттангандыгы;
- БУну башкаруу жана өнүктүрүү процессине кызыкдар тараптардын катышуусу.

БУ өзүн-өзү баалоо жүргүзүүдө бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу көрсөткүчтөрү, БУнун коомдогу имиджи, бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүү окуялары, өнөктөштөр менен кызматташуунун натыйжалуулугу (БУнун стратегиясы, көзөмөлчүлүк кеңеши ж.б.), финансылык-экономикалык жана натыйжалуулуктун башка маанилүү көрсөткүчтөрү аркылуу БУнун билим берүү кызматтарынын сапатын тиешелүү түрдө баалоо зарыл, алар БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү процесси жөнүндө күбөлөндүрөт жана миссиянын сапаттуу аткарылышын, стратегиялык максаттарга жетүүнү, БУнун аймакты, жалпысынан өлкөнү өнүктүрүүгө кошкон салымын көрсөтөт.

Сапатты “максаттардын ылайык келүүсү” принциби боюнча кароо керек – БУнун миссиясынын жана максаттарынын өлкөнүн, аймактын социалдык-экономикалык керектөөлөрүнө, башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү. Ал үчүн институционалдык аккредитациялоодо төмөнкүлөр бааланат:

- БУ өзүнүн миссиясын жана максаттарын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн аныктоо үчүн кандай механизмдерди жана кантип колдонот;
- миссиянын жана максаттардын өлкөнүн социалдык-экономикалык керектөөлөрүн жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталышы.

Сапаты “максаттарга ылайык келүү” принциби боюнча кароо зарыл. Төмөнкүлөрдү баалоо керек:

- БУнун миссиясына жана максаттарына жетүү үчүн ресурстардын жана процесстердин ылайык келүүсүн;
- миссияга жана окутуу максаттарына жетүү үчүн тартылуучу ресурстарды башкаруунун жана пайдалануунун натыйжалуулугун (ИПК, финансылык, материалдык);
- БУнун миниссиясын ишке ашыруу, белгиленген максаттарына жетүү үчүн процесстерди уюштуруунун ырааттуулугу, өз убагында жана натыйжалуу болушун, алар өлкөнү, иш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды канааттандырат жана канааттандыра алат.

БУну башкаруунун жана координациялоонун натыйжалуулугун баалоо аркылуу төмөнкүлөр текшерилет:

- миссиянын жана максаттардын кызыкдар тараптардын социалдык-экономикалык керектөөлөрү менен макулдашылгандыгы;
- билим берүү максаттарынын БУнун миссиясы менен макулдашылгандыгы, алардын лицензиялык талаптар, МБСтин талаптары, кесиптик талаптар (кесиптик стандарттар) менен макулдашылгандыгы;
- ИПКны жалдоо, адаптациялоо, өнүктүрүү жана дем берүү үчүн процедуралардын адилеттүүлүгү жана ачык-айкындыгы, окутуучу курамдын компетенттүүлүгү, натыйжалуу окутуу үчүн тийиштүү квалификациянын жана тажрыйбанын болушу;
- окутуу үчүн окуу ресурстарынын ылайык келиши жана жеткиликтүүлүгү (анын ичинде китепкана жана маалыматтык, материалдык-технологиялык ресурстар, билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу);
- окуучуларды, окутуучуларды колдоо боюнча кызматтардын шайкештиги, натыйжалуулугу жана жеткиликтүүлүгү;
- БУнун финансылык ресурстарын башкаруунун, отчеттуулук механизмдеринин адекваттуулугу жана натыйжалуулугу;
- кызыкдар тараптар үчүн БУнун натыйжалары жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгү;
- БУнун натыйжалары, окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу механизмдери;
- пландоо жана чечимдерди кабыл алуу, ресурстарды бөлүштүрүү үчүн өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын колдонуунун натыйжалуулугу;
- кызыкдар тараптардын БУну үзгүлтүксүз жакшыртуу жана өнүктүрүү процессине тартылуу даражасы.

БУну институционалдык аккредитациялоодо өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия БУнун ишмердигинин натыйжаларын баалайт жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн алардын күтүүлөрүн канааттандыра турган натыйжаларга өзгөртүү боюнча БУнун күч-аракетин талдайт:

- БУ кандай стратегиялык максаттарды жана билим берүү кызматтарын пландаштырат;
- БУ өнүктүрүүнү кантип пландайт;
- БУ жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн кандай ресурстарды колдонот;
- БУ жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн кандай шарттарды түзөт;
- билим берүү жана башка кызматтарды ишке ашыруу үчүн кандай процесстерди уюштурат;

- БУ билим берүү жана башка кызматтарынын натыйжалары жөнүндө маалыматты чогултуу жана баалоо үчүн кандай механизмдерди колдонот.

Комиссия баалоо процессинде төмөнкү суроолорго жооп бериши керек:

1. БУ эмне кылууга аракет кылып жатат (саясат жана пландар: миссия, максаттар, ресурстар, ченемдер, БП, өлкөнүн, аймактын социалдык-экономикалык керектөөлөрүн эске алуу менен окуу пландары)?
2. БУ буларды кантип ишке ашыра алат (башкарууну уюштуруу, негизги жана көмөкчү процесстерди уюштуруу жана ишке ашыруу)?
3. БУ бул иштеп жаткандыгын кантип билет (маалыматтарды чогултуу, БУнун өзүн-өзү баалоосу)?
4. Жакшыртуу үчүн БУ кантип өзгөртүшү керек (БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча сунуштамалар, чаралар жана пландар)?

Билим берүүнүн сапаты тиешелүү ресурстарды тартуу менен бардык процесстерди натыйжалуу уюштурууда жана БУнун кызматкерлеринде сапат маданияты калыптанган, б.а. жетекчилик жана ИПК тарабынан макулдашылган ченемдер жана жүрүм-турум эрежелери сакталган учурда жетишилиши мүмкүн. БУнун миссиясын ишке ашыруу максатында алардын жоопкерчилиги, тартылгандыгы, бирдиктүү умтулуусу олуттуу маанике ээ.

БУнун билим берүү кызматтарынын сапаты жөнүндө алынган маалыматтарды талдоонун жыйынтыгы боюнча сапатты камсыз кылуунун ички системасынын циклине салыштырылуучу ар бир минималдуу талап боюнча БУнун күчтүү жана алсыз жактары критикалык бааланат:

- *пландоо;*
- *аткаруу;*
- *текшерүү;*
- *жакшыртуу.*

Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын эске алуу менен ар кандай багыттар жана аспекттер боюнча БУну жакшыртуу боюнча тыянактар жана сунуштамалар иштелип чыгат, алар алсыз же андан ары жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүктөр катары аныкталган.

Мисалы, 1-критерий миссияны түзүүнү жана бекитүүнү талап кылат, анда окуучуларга жана иш берүүчүлөргө карата БУнун милдети чагылдырылат. Билим берүү уюму БУнун миссиясы менен максаттарынын, стратегиялык пландары менен өлкөнүн жана региондун социалдык-экономикалык керектөөлөрүнө жооп берген компетенциялардын топтому менен атаандаштыкка жөндөмдүү квалификациялуу жумушчуларды даярдоо боюнча милдеттерди аткаруунун ортосундагы шайкештикти камсыз кылышы керек.

Ошентип, миссияны жана анын аткарылышын текшерүү менен БУ кызыкдар тараптардын талаптарына канчалык ылайык келээри аныкталат. Өзүн-өзү баалоодо бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча көрсөткүчтөр, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын пикирлери, БУ билдирген миссияны аткаруунун сапатына алардын канааттануу деңгээли текшерилет.

БУ сапатты камсыз кылуу саясатын иштеп чыгуусу жана БУнун билим берүү кызматтарынын сапатын башкара турган сапатты камсыздоонун натыйжалуу ички системасын түзүүсү абдан маанилүү. БКБ БУнун ИССКсы ыйгарым укуктуу орган

тарабынан бекитилген кесиптик билим берүү уюмунун ИССКсы жөнүндө типтүү Жобого ылайык иштелип чыгышы керек[7].

БУнун ИССК саясаты жана процесстери натыйжалардын сапатын үзгүлтүксүз жакшыртуу циклин билдирет жана сапатты камсыздоо маселелеринде БУнун отчеттуулугун белгилөөгө көмөктөшөт.

Саясат миссияны жана максаттарды сапаттуу ишке ашырууга багытталган макулдашылган стратегия, ар жылдык пландар, ар түрдүү ички процесстер жана сапатты камсыздоочу куралдар аркылуу ишке ашырылат.

БУ өзүн-өзү баалоодо БУ сапатты камсыздоо боюнча саясатты кантип ишке ашырат, мониторинг жүргүзөт жана түзөтүүлөрдү киргизерин баалашы керек. Ал үчүн төмөнкүлөр аныкталат жана бааланат:

- БУнун сапатты камсыздоо саясатынын кызыкдар тараптардын миссиясына, стратегиялык максаттарына жана керектөөлөрүнө ылайык келиши;
- окутуунун натыйжаларынын сапатын камсыздоо боюнча БУнун уюшутруучулук түзүмүнүн, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өз ара аракеттенүү процедураларынын, жооптуу жактарынын жана кызыкдар тараптарынын натыйжалуулугу;
- БУнун ишинин негизги жана колдоочу (көмөкчү) процесстеринин натыйжалуулугу;
- БУнун ишмердигин, окутуунун натыйжаларын мониторингдөө, талдоо жана баалоо боюнча иш канчалык системалаштырылган;
- өзгөрүүлөрдү башкаруу процесси канчалык ишке ашырылган:
    - буга чейинки баалоонун жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча чаралар канчалык кабыл алынган/кабыл алынуудабы;
    - БУнун ишмердигинин аспекттерин жакшыртуу боюнча чаралар кабыл алынганбы/кабыл алынуудабы.

Институционалдык аккредитациялоодо кадрдык жана материалдык-техникалык камсыздоого карата минималдуу талаптар жалпы БУ боюнча жалпы көрсөткүчтөр боюнча, анын ичинде лицензиялык талаптарга ылайык келүүсү бааланат.

Демек, өзүн-өзү баалоо:

- өз алдынча жөнгө салуу жана жакшыртууга багытталуу үчүн алсыз жактарды аныкташы керек;
- күчтүү жактарын аныктап, максаттарга жетишүү боюнча мыкты практиканы белгилеши керек;
- ИССКны өнүктүрүшү керек;
- баалоонун жыйынтыктарынын негизинде финансыларды бөлүштүрүүгө таасир этиши керек;
- сапат маданиятын өнүктүрүшү керек, б.а. БУнун жоопкерчилиги, жамааттуулугу жана башка руханий-адеп-ахлактык, этикалык принциптери жана ченемдери.

Маалыматтарды чогултуу. Интервью, сурамжылоо жүргүзүү

Сапатты камсыздоонун негизги концепциясы кызыкдар тараптар окутуу боюнча берилген сунуштар алардын керектөөлөрүнө ылайык келеби же келбей тургандыгын

[7] КР БИМдин 2021-жылдын 25-февралындагы № 173/1 “Кесиптик билим берүү уюмунун ИССК жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу” буйругу.

баалагандыгына алып келет. Ошондуктан кызыкдар тараптар менен кайтарым байланыш өзүн-өзү баалоо процессинде маанилүү фактор болуп саналат.

Сапат – көп ченемдүү, көп кырдуу түшүнүк болгондуктан, аны кызыкдар тараптардын ар кандай категориясынын позициясынан кароо зарыл: окуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, окутуучулардын, администрациянын өкүлдөрүнүн, БУнун жетекчисинин жана башкалардын.

БУну башкаруунун, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана кызматкерлердин өз ара аракеттенүүсүнүн бардык деңгээлдеринде кызыкдар тараптардан көрсөтүлүүчү кызматтарга алардын мамилеси жөнүндө кайтарым байланышты (пикирлерди) чогултуу жана иштеп чыгуу зарыл – бул миссияны аткарууну баалоо процессинин бир бөлүгү болуп саналат.

Ошентип, институционалдык аккредитациялоодо кызыкдар тараптардын түшүнүүсүн, кабыл алуусун жана канааттануусун эске алуу менен БУ көрсөткөн кызматтардын сапатын жана БУну башкаруунун натыйжаларын аныктоо жана алардын негизинде баалоону жалпылоо жана БУнун билим берүү кызматтарын көрсөтүүсүн жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу маанилүү.

Кызыкдар тараптардан БУнун миссиясын аткаруунун натыйжалуулугу жөнүндө ар тараптуу пикирлерди алуу максатында комиссия белгиленген графикке ылайык интервью жүргүзөт.

Бир учурда институционалдык жана программалык аккредитациядан өтүүдө өзүн-өзү баалоо боюнча БУнун комиссиясы кызыкдар тараптардын өкүлдөрү менен 1 интервью, мисалы, окуучулар менен 1 интервью, иш берүүчүлөр менен 1 интервью ж.б. жүргүзөт. Ошондой эле окутуучулардын, окуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн арасында буга чейин жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктарын өздөштүрөт. Эгерде БУда мурда жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктары жок болсо, комиссия блиц-сурамжылоолорду уюштура алат.

Комиссия БУ институционалдык жөндөмдүүлүккө ээ экендигин жана сапаттуу натыйжаларга жетүү үчүн бардык механизмдерди, ресурстарды жана процесстерди натыйжалуу башкарып жаткандыгын тастыктай турган документтерди жана башка далилдөөчү базаны талдайт.

Тиешелүү түрдө БУнун билим берүү кызматтарынын сапатын баалоодо жана талдоодо төмөнкүдөй типтеги маалыматтар чогултулат жана каралат:

- *пландоо – кирүү жөнүндө маалымат (саясат, ресурстар);*
- *аткаруу – процесстер жөнүндө маалымат;*
- *текшерүү – натыйжалар жөнүндө маалымат;*
- *корректировкалоо – сапатты жакшыртуу боюнча күч-аракеттер жөнүндө маалымат.*

Алынган маалымат БУ өлкөнүн/региондун/тармактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу салым кошуп жатабы, эмгек рыногуна атаандаштыкка жөндөмдүү жана суроо-талапка ээ жумушчуларды даярдайбы, БУ тармакта, коомдо оң имиджге ээби, аныктоого жардам берет.

Комиссия өзүн-өзү баалоодо ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген институционалдык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлерин жетекчилик кылат[8].

Өзүн-өзү баалоо процессинде комиссия ар бир минималдуу талап боюнча БУнун ишмердигинин сапатынын иш жүзүндөгү абалынын берилген критерийлерге ылайык келерин аныктоого тийиш. Баалоонун ыңгайлуулугу үчүн төмнкү матрицаны колдонууга болот, 1-таблица.

1-таблица

Баалоо үчүн матрица

№	Критерийлер	Ылайык келүү индикаторлору		
		Ылайык келет	**Жарым-жартылай ылайык келет**	**Ылайык келбейт**
1. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ				
1.3	Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясынын, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу	Эгерде критерийлер БУ тарабынан аткарылса жана аталган критерийлердин аткарылышын тастыктоочу анык далилдер болсо, анда комиссия **ЫЛАЙЫК КЕЛЕТ** деген баа берет	Эгерде аталган критерийлердин ичинен БУ тарабынан 1-2 критерий аткарылбаса же 1-2 критерийдин аткарылгандыгын тастыктоочу анык далилдер жок болсо, анда комиссия **ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ ЫЛАЙЫК КЕЛЕТ** деген баа берет	Эгерде аталган критерийлердин жарымынан көбү БУ тарабынан аткарылбаса жана критерийлердин аткарылышын тастыктоочу анык далилдер жок болсо, анда комиссия **ЫЛАЙЫК КЕЛБЕЙТ** деген баа берет

БУнун кемчиликтерин, тобокелдиктерин же алсыз жактарын гана аныктоо эмес, ошондой эле БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн колдонуу мүмкүн болгон потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдү жана ресурстарды аныктоо албетте маанилүү. БУнун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жана ресурстары ички да, тышкы да болушу мүмкүн.

БУ социалдык өнөктөштөр менен кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча максатка багытталган ишти пландоого, мүмкүнчүлүктөр ресурсу катары өз ара пайдалуу өнөктөштүк стратегиясын түзүүгө тийиш.

Өзүн-өзү баалоонун жүрүшүндө БУнун сапатын камсыздоо процессине кызыкдар тараптардын тартылгандыгын 2-таблицанын жардамы менен баалоого болот, андан кийин алынган маалыматтарды комиссия жалпылап, натыйжалардын негизинде социалдык өнөктөштүктү чыңдоо жана кеңейтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыга алат.

[8] Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №904/1 буйругу.

2-таблица

Кызыкдар тараптардын тартылгандыгын баалоо

БУнун аспекттери	БУнун жетекчиси	Окуучулар	Бүтүрүүчүлөр	ИПК	Метод. кеңеш	Экзамендик комиссия	Көзөмөлчүлүк кеңеш	Иш берүүчүлөр / Эксперттик кеңеш
Миссия. Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы								
ИССК								
Программаларды башкаруу								
ИПК								
МТБ								
Окуучуларга консультация берүү/колдоо								
Маалымдоо								
Финансы								
Башкалар *Зарылчылкка жараша тизмени кеңейтүү сунушталат*								

Эскертүү: ИССКнын кызыкдар тараптарынын таасирин шкала боюнча көрсөтүңүз:
1 = эч кандай таасир этпейт / 2 = бир аз таасир этет / 3 = абдан таасир этет / 4 = өтө таасир этет

Далилдөөчү база

Кызыкдар тараптардын айрым өкүлдөрү менен расмий интервью далилдердин баалуу булагы болуп саналат жана БУнун сапаты жөнүндө иш жүзүндөгү маалыматтарды андан ары чогултууга багыт берет. Интервьюда көтөрүлүүчү бардык маселелер маалыматтын башка булактары менен салыштырылышы керек.

Институционалдык аккредитациялоодо БУ документтештирилген базаны бериши керек, б.а. минималдуу талаптардын, лицензиялык талаптардын жана МБСтин талаптарынын аткарылышын тастыктоочу, ошондой эле БУнун миссиясын ишке ашыруу, жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча, БУнун БП ОН сапатын жакшыртуу боюнча БУнун күч-аракетинин натыйжалуулугун тастыктоочу конкреттүү практикалык натыйжаларды жана далилдерди бериши керек. Документтештирилген база жеткиликтүү болууга тийиш жана БУнун сайтына жайгаштырылыш керек.

ИССКнын документтештирилген базасы төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- БУнун миссиясын, максаттарын жана пландарын (бекитилген, кайра каралган);

- саясатты (жоболор, процедуралар, жетекчилердин жана аткаруучулардын ролун жана жоопкерчилигин көрсөтүү менен нускамалар);
- ар бир негизги жана көмөкчү процесс үчүн, анын ичинде БП башкаруу боюнча процедураларды;
- процесстерди жакшыртуунун натыйжаларын (ПКнын чечимдери, жакшыртуу боюнча пландар, БПнын жетишилген натыйжалары, ийгилик тарыхы ж.б.);
- программаны кайра карап чыгуунун натыйжаларын (жаңы жана жаңыланган программалар);
- кабыл алуу, бүтүрүп чыгаруу, ишке орноштуруу, өзгөрүүлөр жана жакшыртуулар жөнүндө маалыматты (5 жыл үчүн динамика менен көрсөткүчтөр, сайттагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар);
- модулдар, БП, окутуучулар, БУну көрсөтүүчү кызматтар боюнча окуучулар менен кайтарым байланышты (көрүлгөн чаралар, кабыл алынган чечимдер, жаңы курстар, тандоо боюнча курстар);
- окутуучулар, иш берүүчүлөр менен кайтарым байланыштарды/жумуш ордунда окутуу (практика) боюнча пикирлерди (протоколдор, отчет, катышуучулардын тизмеси, күн тартиби, көрүлгөн чаралар, кабыл алынган чечимдер);
- даттануларды – териштирүүлөр, көрүлгөн чаралар боюнча отчеттор, пикирлер;
- баалоону жана бүтүрүп чыгарууну (окуучуларды ОН, бүтүрүүчүлөрдү ОН);
- мониторинг жана баалоону: программаларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өз алдынча баалоону - тыянактарды жана сунуштамаларды, жакшыртуу боюнча чараларды;
- жарым жыл/бир жыл үчүн отчетту (жылдар боюнча 5 жыл үчүн).

3-милдет. Отчет даярдоо

Өзүн-өзү баалоо жөнүндө кылдаттык менен даярдалган отчет институционалдык аккредитациялоо процессинин негизги элементи болуп саналат. Бул отчетту даярдоо БКБ БУ үчүн пайдалуу, анткени ал өзүн текшерет. Кийинчерээк, тышкы баалоо учурунда ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялык комиссиясы бул отчетту БУга баруу менен тышкы баалоо жүргүзүү үчүн негиз катары колдонот, ал эми ыйгарым укуктуу органдын Коллегиясы аны аккредитациялоо боюнча аяккы чечим кабыл алууда борбордук элемент катары колдонот.

БКБ БУнун жалпы ишмердиги боюнча маалыматтын салыштырмалуулугуна жана аккредитациялоо процессинде макулдашылгандыкка өбөлгө түзүү үчүн өзүн-өзү баалоо жөнүндө отчет ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган форматка ылайык даярдалышы керек[9]. БУга институционалдык аккредитациянын критерийлери сакталарын көрсөтүү үчүн толук жоопкерчилик жүктөлөт. Баалоонун натыйжалары өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча аналитикалык отчетто толугу менен чагылдырылышы керек.

Өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын жалпылоо үчүн жооптуу адам комиссиянын мүчөлөрүнөн алынган материалды аккредитациянын критерийлери боюнча тыянактар жана БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча сунуштамалар менен аналитикалык отчет түрүндө тариздейт.

Комиссиянын төрагасы комиссиянын отурумун өткөрөт, отурумдун жүрүшүндө отчет алдын ала каралат, айрым маселелер такталат, кошумча маалыматты чогултуу

[9] Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №904/1 буйругу, 2-тиркеме.

зарылдыгы жөнүндө ой-пикирлер айтылат, өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча сунуштар жана тыянактар талкууланат.

Отчет боюнча комиссиянын мүчөлөрүнөн келип түшкөн эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алуу менен комиссиянын төрагасы аны корректировкалоо жана акыркы кароо үчүн мөөнөттү белгилейт.

Отчет белгиленген формага ылайык таризделет жана төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: титулдук барак, киришүү, талдоо жана минималдуу талаптардын аткарылышынын далили, корутунду. Корутунду комиссиянын БУнун минималдуу талаптарга ылайык келүүсү жөнүндө аяккы тыянактарын жана ыйгарым укуктуу органда аккредитациядан өтүү жөнүндө сунуштарын камтыйт.

Отчеттун текстинин шрифти 14 Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталышынын шрифти – 14 Times New Roman, кара шрифт болушу керек. Тексттеги саптардын ортосундагы аралык (интервал) – 1.0, отчеттун бардык барактары номерленген болушу керек. Барактын талаалары: сол жагынан – 2,5 см., оң жагынан – 1 см., жогору жана төмөн жагынан – 2 см. Отчеттун текстиндеги таблицалар жана графиктер аталышка жана нумерацияга ээ болушу керек. Тексттеги шилтемелер документтин аталышын, далилдөөчү документтин бетин, тиркеменин номерин камтууга тийиш.

4-милдет. ПКнын отчетту бекитүү жана арыз берүү жөнүндө чечим кабыл алуусу

Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын толугу менен карап чыккандан кийин толукталып иштелип чыккан отчет БКБ БУнун ПКнын кароосуна жиберилет, анда БУнун жетекчиси тарабынан отчетту бекитүү жана документтерди ыйгарым укуктуу органга институционалдык аккредитациядан өтүү үчүн жиберүү чечими кабыл алынат.

ПКнын чечими БКБ БУнун жетекчисинин буйругу менен ишке ашырылат. Буйрукта ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген тартипке ылайык электрондук аккредитациялоо платформасы аркылуу ыйгарым укуктуу органга институционалдык аккредитациядан өтүү жөнүндө арыз берүүнүн мөөнөттөрү көрсөтүлөт.

Башталгыч кесиптик билим берүү уюмун институционалдык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери[10]

№№	Критерийлер	Ылайык келүү индикаторлору		
		Ылайык келбейт	Жарым-жартылай ылайык келет	Ылайык келет
1. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ				
1.1	Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясынын, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу	БУнун миссиясы эч жерде көрсөтүлгөн эмес. БУнун стратегиялык планы жок, бирок учурдагы пландар иштелип чыккан.	БУнун миссиясы БУнун Уставында жана/же бекитилген стратегиялык планда көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана аларга жетишүү планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. БУнун өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарын талкуулоо жана макулдашуу процессинин далилдери жок. Учурдагы пландар стратегиялык максаттарга ылайык келбейт.	БУнун миссиясы БУнун Уставында бекитилген жана стратегиялык планында көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана индикаторлор, аларга жетишүү планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. БУну өнүктүрүү максаттары жана пландары кызыкдар тараптар менен талкууланган. Стратегиялык пландардын детализациясы учурдагы пландарда жыл сайын көрсөтүлөт.
1.2	Жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун	Мониторингдөө, жыл сайын баалоо практикасы	БУдагы окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү процедуралары,	БУдагы окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү процедуралары, БУну өнүктүрүү

[10] Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №904/1 буйругу

	натыйжаларынын аткарылышын мониторингдөө, аткаруунун натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү	жана талдоо процедуралары жок.	БУну өнүктүрүү пландары бекитилген. Пландарды аткарууну талдоо жана индикаторлор боюнча максаттарга жетишүү, программаларды жана пландарды корректировкалоо практикасы тастыкталган жок же жыл сайын жүргүзүлбөйт.	пландары бекитилген. Пландарды аткарууну жана индикаторлор боюнча максаттарга жетишүүнү талдоо *жыл сайын* жүргүзүлөт (уюмдун өзүн-өзү баалоосу), андан кийин программаларды жана пландарды корректировкалоо жүргүзүлөт.
1.3	Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, окуучуларынын (студенттеринин) жана кызыкдар тараптардын катышуусу	Кызыкдар тараптардын билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышуусунун механизмдери жок же алардын катышуусу жөнүндө маалымат жок.	Локалдык документтерде сапатты камсыздоого кызыкдар тараптардын катышуусунун механизми иштелип чыккан. Сапатты ишке ашырууга, контролдоого, билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча чечим кабыл алууга катышуунун эч кандай далили жок же катышуу системалуу эмес.	Маалыматтарды талдоонун негизинде жана кызыкдар тараптарды тартуу менен БУнун чечимдерди кабыл алуу механизмдери иштелип чыккан жана бекитилген. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча чечимдерди кабыл алууга, сапатты контролдоого катышуу практикасы киргизилген.
1.4	Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен киргизүү	Билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана СПС системалары жок.	БСБ жана СПС системалары бар, бирок БУнун ишмердүүлүгүндө колдонулбайт	Билим берүү уюмунун сапат менеджменти системасы (СМС) иштелип чыккан, ишке киргизилген жана документтештирилген. БУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн сапатты камсыздоо жана башкаруу боюнча ролдору ыйгарым

				укуктуу орган тарабынан бекитилген ИССК жөнүндө Типтүү жобого ылайык так аныкталган.
1.5	Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жооптуу адамдардын (кызматтардын) болуусу	Аныкталган эмес.	Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясатын киргизүүгө жооптуу адамдар (кызматтар) аныкталган	Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү жооптуу адамдар (кызматтар) аныкталган, алардын функционалдык милдеттери бекитилген. Түзүм жөнүндө локалдык акт бар. Кызматтын (жооптуу адамдардын) ишмердигинин натыйжаларынын баалоосу бар. Жооптуу адамдардын (кызматтардын) иш планы бар.
1.6	Билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын, билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын болуусу.	БУнун сайтында маалымат жок.	Маалымат сайтка жайгаштырылган, бирок жаңыланбайт.	Маалымат туруктуу жаңыланат жана БУнун сайтына жайгаштырылат.
2. ОКУТУУЧУЛУК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМ				
2.1	Билим берүү уюмунун окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жумушка кабыл	АБП, ОТП, КТП, окутуучуларды ишке кабыл алуу процедуралары эмгек	АБП, ОТП, КТП, окутуучуларды ишке кабыл алуу процедуралары эмгек	АБП, ОТП, КТП, окутуучуларды ишке кабыл алуу процедуралары эмгек мыйзамдарына каршы келбейт, кызматкерлер тарабынан

	алуунун, кызматы боюнча жогорулатуунун ачык-айкын жана объективдүү критерийлерин колдонушу	мыйзамдарына каршы келбейт. Башка маалыматтар берилген эмес же эффективдүү практикасы жок.	мыйзамдарына каршы келбейт. Кадрлар боюнча сапаттык жана сандык маалыматтар берилген. Ишмердикти, карьералык көтөрүлүүгө дем берүү баяндалган эмес же жетишээрлик натыйжалуу эмес.	дооматтар жок. Алардын ишмердүүлүгүн баалоо процедуралары жана критерийлери, стимул берүү жана карьералык көтөрүлүү процедуралары бекитилген. Кадрлар боюнча сапаттык жана сандык маалыматтар берилген.
2.2.	Билим берүү уюмунун окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн шарттарды түзүүсү	БУда шарттар жок.	БУда окутуучуларды тандоо жана бекемдөө үчүн бир катар шарттар түзүлгөн. Аталган процедуралар үчүн локалдык акт жана башка ресурстар жок.	БУда окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн шарттар түзүлгөн, ошондой эле аталган процедуралар үчүн локалдык акт жана ресурстар бар. Жыл сайын талдоо жана жакшыртуу иштери жүргүзүлөт.
2.3.	Кесиптик өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү жана өзүнүн ишмердигинин чөйрөсүндөгү акыркы өзгөрүүлөр тууралуу дайыма маалымдар болууга мүмкүндүк берүүчү окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу системасынын болуусу	Квалификацияны жогорулатуу системалуу жана уюштурулган процесс болуп саналбайт жана басып чыгаруу планында жок	Педагогдорду үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү системасы бекитилген жана ишке ашырылууда: - жыл сайын педагогдордун 20% (беш жылда – 100%) өзүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда, тренингдерде, БУдан тышкары аралыктан жогорулатууда; - методикалык бирикмелер натыйжалуу иштөөдө;	Педагогдорду үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү системасы бекитилген жана ишке ашырылууда: - жыл сайын окутуудагы керектөөлөргө баалоо жүргүзүлүүдө; - БУ үчүн талдоонун негизинде кесиптик өнүктүрүү боюнча пландар түзүлүүдө (БУнун стратегиялык жана жылдык пландарынын бир бөлүгү катары); - жыл сайын педагогдордун 20% өзүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда,

			- насаатчылык системасы бекитилген жана иштөөдө.	тренингдерде, БУдан тышкары аралыктан жогорулатууда - методикалык бирикмелер натыйжалуу иштөөдө; - насаатчылык системасы бекитилген жана иштөөдө; - насаатчылар, МБ жетекчилери жана активдүү педагогдор сыйлануда.
2.4.	Окутуучуларды инновациялык билим берүү ыкмаларына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүү.	Маалыматтар жок	Окутуучулар арасында методикалык колдоо жана тажрыйба алмашуу системасы уюштурулган. Окутуу планы бар. План толук ишке ашырылбайт. Окутуу үчүн ресурстар жетишсиз.	БУнун деңгээлинде инновациялык билим берүү методдоруна жана технологияларга окутуучуларды окутуу, методикалык колдоо системасы уюштурулган. Акыркы 5 жыл ичинде оң динамика бар. КЖ курстарда, семинарларда, тренингдерде, БУдан тышкары аралыктан кубатталат.
3. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР				
3.1	Окуучулардын (студенттердин) ар кандай топторун, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жеткиликтүү болгон керектүү материалдык ресурстар (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар) менен камсыздоо	Талдоо берилген жок же начар камсыз болушун жана аны жакшыртуу боюнча чаралардын жоктугун көрсөтөт.	МТБ жана маалыматтык ресурстардын программанын жана студенттердин керектөөлөрүнө ылайык келүүсү талданат.	МТБ жана маалыматтык ресурстардын программанын жана студенттердин, анын ичинде ДМЧ адамдардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү талданат. Жакшыртуу үчүн чаралар көрүлүүдө, беш жылдын ичинде жылыштар бар.

3.2.	Билим берүү уюму тарабынан окуу аянттарынын туруктуулугун жана жетиштүү болуусун камсыздоо	Лицензиялык талаптарга ылайык келбейт	_	Лицензиялык талаптарга ылайык келет. Окуучулардын иш жүзүндөгү санын лицензиялык талаптарга ылайык окуу аянттары менен жетиштүү жана туруктуу камсыздоо боюнча далилдер бар.
3.3	Окуу жайдын бөлмөлөрүнүн санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келиши	Санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келбейт. Тийиштүү органдардын корутундулары жок (же мөөнөтү өтүп кеткен)	_	Окуу-материалдык базанын (жабдылгандык жана жакшыртылгандык) СанПин, мамөрткөзөмөлдүн талаптарына ылайык келүүсү тастыкталган.
3.4	Жатаканада (бар болсо) окуу, жашоо жана бош убакытты өткөрүү үчүн шарттарды камсыздоо	Жашоо үчүн шарттар канааттандырарлык эмес	Жатаканаларда жашоо, окуу жана бош убакытты өткөрүү үчүн (жашагандардын саны жана шарттардын сапаты)	Жатаканаларда жашоо, окуу жана бош убакытты өткөрүү үчүн (жашагандардын саны жана шарттардын сапаты) жакшы шарттар түзүлгөн. Талдоо, студенттерди сурмажылоо жана шарттарды

			канааттандырарлык шарттар түзүлгөн.	жакшыртуу иштери жүргүзүлүүдө.
3.5	Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттарды түзүү	Китепкана БУнун керектөөлөрүн камсыздабайт, орундардын жана китепкана фонддорунун саны чектелген. Окуу залдарында иштөө үчүн шарттар жок.	Китепкананын аянты, окуу жана көркөм фонддорунун саны, окуу залында отуруучу орундардын саны студенттердин керектөөлөрүн камсыз кылат. Студенттерди жана кызматкерлерди тейлөөнүн заманбап ыкмалары жок.	Китепкананын аянты, окуу жана көркөм фонддорунун саны, окуу залында отуруучу орундардын саны студенттердин керектөөлөрүн камсыз кылат, электрондук китепкана, компьютер жана интернет бар, китепкана фонду жыл сайын 10%га чейин жаңыланып турат. Келген адамдарды тейлөөнүн заманбап ыкмалары бар. Окуучулардын маалыматтык жана руханий керектөөлөрүн өнүктүрүү, китепкана ресурстарынын тез жана ыңгайлуу шартта жеткиликтүү болушун камсыздоо үчүн электрондук китептердин ачык электрондук базалары менен автоматташтырылган программалык-техникалык комплекс иштейт. Китепкананын шарттарына мугалимдердин жана окуучулардын канааттануусун баалоо бар.
3.6.	Тамактануу үчүн (ашкана же буфет бар болсо) тиешелүү шарттарды, ошондой эле билим берүү уюмунун	Тамактануу жана медициналык тейлөө үчүн	Тамактануу (орундардын саны жана тейлөөнүн сапаты боюнча) же	Тамактануу (орундардын саны жана тейлөөнүн сапаты боюнча), ошондой эле билим берүү

	медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыздоо	шарттар жок же алардын сапаты төмөн.	медициналык тейлөө үчүн шарттар бар.	уюмунун медициналык пунктунда медициналык тейлөө үчүн шарттар бар.
4. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ				
4.1	Өзүнүн билим берүү максатын пландоо жана ишке ашыруу үчүн билим берүү уюму төмөнкүдөй маалыматтарды чогултулат, системалаштырылат, жалпылайт жана сактайт: - окуучулардын (студенттердин) контингенти жөнүндө маалыматтарды; - окуучулардын (студенттердин) катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендиктери жана иргөө жөнүндө маалыматтарды; - окуучулардын (студенттердин), алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы; - материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү; - бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу; - билим берүү уюмунун ишинин натыйжалуулугун негизги көрсөткүчтөрү	БУ уюмдун ишмердиги жөнүндө өзүнчө маалыматтарга ээ. Маалыматтарды талдоо отчетторду түзүүдө жүргүзүлөт.	БУ маалыматтык системага ээ, жарым-жартылай электрондук түрдө. Маалыматтар БУну өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча жыл сайын пландоо үчүн чогултулат, сакталат, талданат. БУнун натыйжалуугунун негизги көрсөткүчтөр системасы БУну өнүктүрүүнүн стратегиялык планында чагылдырылган.	БУ электрондук түрдө маалыматтык системага ээ. Маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, киргизүү, талдоо үчүн жооптуу адамдар бар. Маалыматтар БУ тарабынан жыл сайын өзүн-өзү баалоо жана БУнун өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча пландоо үчүн чогултулат, сакталат, талданат. БУнун натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөр системасы БУну өнүктүрүүнүн стратегиялык планында чагылдырылган. Окуучулардын керектөөлөргө канааттануусун баалоо, контингент жана жетишүү көрсөткүчтөрү жөнүндө сандык маалыматтар ж.б. үчүн ата-энелерди сурамжылоолор колдонулат.
4.2.	Билим берүү уюмунун окуучуларынын (студенттеринин) жана	Студенттер жана кызматкерлер маалыматты	_	Студенттер жана кызматкерлер маалыматты (контингент, сабакка

	кызматкерлеринин маалыматты чогултууга жана талдоого, кийинки иш-аракеттерди пландаштырууга катышуусу	(контингент, сабакка катышуучулук, иргөө ж.б. жөнүндө маалыматтарды) чогултууга жана талдоого, кийинки иш-аракеттерди пландаштырууга катышпайт.		катышуучулук, иргөө ж.б. жөнүндө маалыматтарды) чогултууга, талдоого жана баалоого, кийинки иш-аракеттерди пландаштырууга катышышат.
4.3.	Билим берүү уюмунун өзүнүн иши жөнүндө маалыматты коомчулукка туруктуу негизде берүүсү, анын ичинде: - миссиясы; - билим берүү максаттары; - окутуунун күтүлүүчү натыйжалары; - ыйгарылуучу квалификациялар; - окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары; - баалоо процедуралары; - өтүү үчүн балл жана окуучуларга (студенттерге) берилүүчү мүмкүнчүлүктөр; - бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат	Маалымдоо каналдары жок же алар колдонулбайт/ маалыматтар жаңыланбайт.	Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, БУнун сайты, керектөөлөрдү талкуулоо жана баалоо процедуралары бар	БУнун өзүнүн коммуникациялык стратегиясы бар жана аны ырааттуу ишке ашырат. Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, БУнун сайты, керектөөлөрдү талкуулоо жана баалоо процедуралары бар.
4.4	Билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүү үчүн өзүнүн сайтын жана массалык маалымат каражаттарын колдонуусу.	Маалымдоо каналдары жок же алар колдонулбайт/ маалыматтар жаңыланбайт.	Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, ММК колдонулат, БУнун сайты бар, бирок маалымат туруктуу жаңыланбайт.	Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, ММК колдонулат, БУнун жаңыланып туруучу сайты бар, маалыматты өз убагында берүү жана толук болушуна жооп берүүчү жооптуу адам бар.
5. ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ ПЛАНДОО ЖАНА БАШКАРУУ				

5.1	Билим берүү уюмунун сапатын камсыздоо жана жетишкен деңгээлин сактоо үчүн билим берүү уюмунун финансылык каражаттары жетиштүү.	Стратегиялык жана учурдагы пландарда финансылык маселелер көрсөтүлгөн эмес.	БУнун финансылык ресурстары билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн стратегиялык жана учурдагы пландарда пландаштырылган. Финансылык туруксуздук байкалууда.	Акыркы 5 жылда финансылык ресурстардын көрсөткүчтөрүнүн алгылыктуу динамикасы бар жана алар туруктуу. Жакшыртуу үчүн системалуу мониторинг жүргүзүлөт жана чечимдер кабыл алынат.
5.2	Окуучулар (студенттер), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курамга финансылык жардам ачык белгиленген максаттарга, милдеттерге ылайык ишке ашырылат. Окуучуларга (студенттерге), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курамга окуучулар (студенттер), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курам менен билим берүү уюмунун ортосундагы өз ара мамиле менен байланышкан бардык финансылык маселелер боюнча өз учурунда жана толук маалымат берилет	Финансылык жардам берүү ишке ашырылбайт. Бардык финансылык маселелер боюнча маалымат жок.	Финансылык жардам жарым-жартылай ишке ашырылат. Финансылык маселелер жөнүндө маалыматтар кызыкдар тараптарга жеткиликтүү эмес.	БУнун студенттерине жана кызматкерлеринин бардык категорияларына финансылык жардам көрсөтүү боюнча туруктуу иштөөчү система жана оң практика бар. Аталган критерий боюнча локалдык актылар иштелип чыккан жана колдонулат. Финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө ченемдик документтер жана аларды ишке ашыруунун натыйжалары кызыкдар тараптарга жеткиликтүү.
5. 3	Билим берүү уюму жылдык жана стратегиялык финансылык пландоодо окуучуларга (студенттерге), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курамга финансылык жардам көрсөтүүнү эске алат	БУ ар жылдык жана стратегиялык финансылык пландаштырууда окуучуларга (студенттерге), окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга	БУ ар жылдык жана стратегиялык финансылык пландаштырууда окуучуларга (студенттерге), окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга	БУ ар жылдык жана стратегиялык финансылык пландаштырууда окуучуларга (студенттерге), окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга уюмдун бекитилген чыгымдар жана кирешелер сметасында каралган

		финансылык жардам көрсөтүүнү карабайт	финансылык жардам көрсөтүүнү жарым-жартылай эске алат. Студенттерге жана кызматкерлерге материалдык жардам көрсөтүү уюмдун бекитилген чыгымдар жана кирешелер сметасына ылайык ишке ашырылат.	финансылык жардам көрсөтүүнү туруктуу эске алат.
5.4	Билим берүү уюму финансылык каражаттарды пландоонун, башкаруунун натыйжалуулугун кепилдөөчү технологияларды колдонот. Билим берүү уюмунун бюджетин бөлүштүрүү колдо болгон материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландалуучу керектөөлөрдү баалоонун жана талдоонун негизинде жүргүзүлөт	Технология жок. Талдоо жүргүзүлбөйт.	Финансылык каражаттарды колдонууда натыйжалуулуктун терс динамикасы байкалууда.	БУга финансылык каражаттарды башкаруунун натыйжалуулугуна кепилдик берүүчү жаңы технологиялар киргизилген жана колдонулат. Бюджетти бөлүштүрүү колдо болгон материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландаштырылган керектөөлөрдү баалоонун жана талдоонун негизинде түзүлөт.
5.5	Билим берүү уюму, анын уюштуруу түзүмүндө функциялык милдеттери так аныкталган квалификациялуу финансылык кызматкерлердин штатына ээ	Финансы кызматкерлеринин квалификациясы ээлеген кызматына ылайык келбейт.	Финансы кызматкерлеринин квалификациясы ээлеген кызматына ылайык келет. Иштөө тажрыйбасы жана алардын кызматтык нускамалары бар.	Финансы кызматкерлеринин квалификациясы ээлеген кызматына ылайык келет. Финансы кызматтарынын ишмердигин жөнгө салуучу локалдык ченемдик актылар бар, финансы кызматкерлери квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтөт.

5.6	Билим берүү уюму финансыны башкаруудагы ачыктыкты жана айкындуулукту, сарамжалдуу финансылык башкарууну, бюджетти негиздүү түзүүнү, тобокелдиктерди баалоонун жана контролдоонун ички механизмдерин кепилдейт	БУнун финансылык иши ачык-айкын эмес, тобокелдиктерди контролдоо жана баалоо механизмдери жок	БУнун финансылык иши жарым-жартылай ачык. Тобокелдиктерди контролдоо жана баалоо механизмдери натыйжалуу эмес.	БУнун финансылык иши ачык - айкын, сарамжалдуу, бюджетти түзүү негиздүү, тобокелдиктерди ички контролдоо жана баалоо механизмдери бар
5.7	Билим берүү уюмунун финансылык каражаттарынын олуттуу бөлүгү билим берүү, изилдөө ишин колдоого жана билим берүү уюмунун инфраструктурасын жакшыртууга багытталат. Билим берүү уюму өнүгүү үчүн зарыл болгон өз бюджетин пландуу түрдө көбөйтөт	БУнун финансылык ресурстарынын олуттуу бөлүгү билим берүү уюмунун билим берүү, изилдөө ишмердигине жана инфраструктурасын жакшыртууга багытталган эмес. БУ өзүнүн бюджетин дайыма эле жогорулата бербейт.	БУнун финансылык ресурстарынын олуттуу бөлүгү билим берүү уюмунун билим берүү, изилдөө ишмердигине жана инфраструктурасын жакшыртууга жарым-жартылай багытталат. БУ өзүнүн бюджетин дайыма эле жогорулата бербейт.	БУнун финансылык ресурстарынын олуттуу бөлүгү билим берүү уюмунун билим берүү, изилдөө ишмердигине жана инфраструктурасын жакшыртууга багытталат. БУ өнүктүрүү үчүн өзүнүн бюджетин пландуу жогорулатат.
5.8	Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалын ички жана тышкы баалоо механизмдерине ээ. Билим берүү уюму туруктуу негизде финансылык аудиттен өтөт	БУ өзүнүн финансылык абалын ички жана тышкы баалоо механизмдерине ээ эмес. БУ финансылык аудиттен өтпөйт	БУ өзүнүн финансылык абалын ички жана тышкы баалоо механизмдерине ээ. БУ финансылык аудиттен туруктуу өтпөйт	БУ өзүнүн финансылык абалын ички жана тышкы баалоо механизмдерине ээ. БУ финансылык аудиттен туруктуу өтөт
5.9	Билим берүү уюмунун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана башка кызмат көрсөтүүлөргө, окутуучулардын жана персоналдын квалификацияларын	БУнун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзбөйт (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана башка кызмат	БУнун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө жарым-жартылай өбөлгө түзөт (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана башка кызмат	Билим берүү уюмунун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана башка кызмат көрсөтүүлөргө, окутуучулардын жана

	жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар).	көрсөтүүлөргө, окутуучулардын жана персоналдын квалификацияларын жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар).	көрсөтүүлөргө, окутуучулардын жана персоналдын квалификацияларын жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар).	персоналдын квалификацияларын жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар).

АККРЕДИТАЦИЯЛООДОН КИЙИНКИ ИШ-ЧАРАЛАР

БУну аккредитациялоо жөнүндө ыйгарым укуктуу орган чечим кабыл алгандан кийин БУ ыйгарым укуктуу органдын комиссиясынын эскертүүлөрүн жоюу жана сунуштарын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыгышы керек.

Иш-аракеттер планы өзүнө төмөнкү иш-чараларды камтыйт:

- педагогикалык жамаат менен ыйгарым укуктуу органдын комиссиясы белгилеген сунуштарды жана эскертүүлөрдү, ошондой эле мыкты тажрыйбаларды талкуулоо;
- эскертүүлөрдү жоюу үчүн чараларды/иш-чараларды аныктоо;
- жакшыртуу үчүн керектүү ресурстарды аныктоо;
- БУнун учурдагы планына жакшыртуу боюнча иш-чараларды киргизүү жана аткаруу мөөнөттөрүн белгилөө;
- жакшыртуу боюнча ар бир иш-чара үчүн жооптуу адамдарды дайындоо.

Ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо жөнүндө чечиминде эскертүүлөр жана сунуштар жалпыланган формулировкада берилет, ошондуктан БУ кемчиликтерди жоюунун мөөнөтүн конкреттештирүү жана аткаруу үчүн жооптуу адамды же түзүмдү аныкташы керек. Тиешелүү түзүмдүк бөлүм жана адам жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча планды иштеп чыгууга тийиш, ал БУнун жылдык жана стратегиялык планына интеграциялануу тийиш жана жалпы БУнун деңгээлинде жалпыланышы керек.

БУнун жетекчилиги иш-аракеттер планынын аткарылышына кылдаттык менен мониторинг жана талдоо жүргүзүп, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин чогулушунда жана БУнун ПКнын отурумунда дайыма отчет берип турушу керек.

Аккредитациялоодон кийинки иш-чаралар планы мазмуну жана аткаруу мөөнөттөрү боюнча ар бир БУ үчүн аккредитациялоонун натыйжаларына, шарттуу аккредитациялоонун мөөнөттөрүнө жана сунуштардын мүнөзүнө жараша ар түрдүү болот. Ошентсе да, БУга сапатты системалуу жана үзгүлтүксүз камсыздоо стратегиясын иштеп чыгуу сунушталат.

Сапатты камсыздоо стратегиялары

БУнун сапатын камсыздоо үчүн төмөнкү стратегияларды колдонууга болот:

1. БУну өнүктүрүү, анын ичинде ИССКны өнүктүрүү боюнча стратегияны жана жылдык планды иштеп чыгуу.
2. ИССКны белгилөө жана БУнун жетекчилиги тарабынан колдоону камсыз кылуу зарыл.
3. БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча иш-чаралар БУнун стратегиясынын жана жылдык планынын бир бөлүгү болушу керек.
4. БУнун ар бир түзүмдүк бөлүмү сапатка багытталган маданиятты көрсөткөн өзүн-өзү баалоого умтулууга тийиш.
5. БУ сапатты жогорулатуу үчүн ички да, тышкы да (аудит, финансылык аудит, ачык отчеттор, бюджеттик угуулар, тышкы өнөктөштүк текшерүүлөр ж.б.) отчеттуулук механизмдерин иштеп чыгышы керек.
6. БУнун колдонуучу ИССК модели улуттук жана эл аралык деңгээлде алгылыктуу болууга тийиш.
7. Сапатты камсыздоо процессин жеңилдетүү максатында негизги түзүмдү жана маалыматтык системаны иштеп чыгуу зарыл.

8. Баалоо/аттестациялоо процедурасы жана дем берүү системасы аркылуу БУнун персоналынын бардык деңээлинде сапатты камсыздоо үчүн жоопкерчиликти жогорулатуу жана мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүү зарыл.
9. БУнун жетекчилиги тарабынан ИССКны колдоону камсыздоо зарыл.
10. Макулдашылган сапат стандаттарына ылайык мониторинг жана баалоо механизмдерин түзүү керек.
11. Сапатты камсыздоо маселелери боюнча БУнун инженердик-педагогикалык кызматкерлеринин квалификациясын пландуу жогорулатуу жана консультация берүүнү камсыздоо зарыл.
12. Башка БУлар менен тажрыйба алмашуу процессин уюштуруу зарыл.

БУну өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарына жана максаттарына негизделген ишти мониторингдөө жана баалоо (өзүн-өзү баалоо) боюнча БУ системалуу түрдө жыл сайын иш алып баруусу зарыл.

БПнын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана жетекчилеринин кварталдык жана жылдык отчеттору БУну жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча пландардын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды камтууга тийиш.

Мониторинг жана баалоо боюнча ар жылдык отчеттор берилүүгө жана бардык кызыкдар тараптар менен талкуулануга, кийинки жылга карата иш пландарына түзөтүүлөр киргизилүүгө тийиш. Өзүн-өзү баалоо боюнча ар жылдык отчеттор кийинки аккредитациялоо үчүн БУнун беш жылдык мезгилдеги өзүн-өзү баалоосу үчүн далилдөөчү негиз болот.

БУнун жакшыртуу боюнча ишин оптималдаштыруу үчүн мамлекеттик бюджеттин алкагында аккредитациялоо, өзүн-өзү баалоо боюнча маалыматтарды, жетишкендиктер индикаторлору менен пландарды интеграциялоо менен башкаруунун маалыматтык системасын (мындан ары - БМС) киргизүү сунушталат. Мониторинг жана баалоо процессинде алынган, ошондой эле БУнун башка баалоо боюнча иш-чараларын жана БУнун БМСине киргизилген иш жүзүндөгү маалыматтар БУнун билим берүү кызматтарынын сапатын жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча негиздүү, конструктивдик чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат.

АККРЕДИТАЦИЯНЫН ЖАРАКТУУЛУГУН ТОКТОТО ТУРУУ, КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ [11]

Ыйгарым укуктуу орган бузуулар аныкталган күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде аларды четтетүү үчүн 3 айга аккредитациялоонун жарактуулугун токтото туруу жөнүндө чечим кабыл алат.

Билим берүү уюму бузуулар четтетилгендиги жөнүндө билдирген учурда ыйгарым укуктуу орган текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча бузуулар четтетилген фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде аккредитациялоонун жарактуулугун калыбына келтирүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Эгерде БУ белгиленген 3 айдын ичинде аныкталган бузууларды четтетпесе же аккредитациянын жарактуулук мөөнөтүндө Кыргыз Республикасынын билим берүү

[11] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы № 189 токтомуна 1-тиркеме. КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы № 289 токтому

жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузса, ыйгарым укуктуу орган аккредитациянын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим кабыл алат.

БУнун аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим аныкталган бузуулар четтетилген жана текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптары кайра бузулган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде кабыл алынат.

Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын чечиминин негизинде буйрук менен тарызделет.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана/же токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде БУга жазуу түрүндө билдирет.

АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ДОКУМЕНТТЕР[12]

Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган БУларга жарактуулук мөөнөтүн көрсөтүү менен аккредитациялоо жөнүндө сертификат берет.

БУ юстиция органдарында кайра катталган учурда сертификаттын колдонулушу кайра тариздөө менен сакталат.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификат колдонулушун төмөнкү учурларда токтотот:

1) сертификат берилген мөөнөт аяктаганда;

2) билим берүү уюму жоюлганда;

3) билим берүү ишмердигин жүргүзүүгө лицензияны жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

4) билим берүү уюму тарабынан сертификат берилген тиешелүү билим берүү программасын ишке ашыруу токтотулганда.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын бланктарынын формалары жана аны берүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон же бузулган учурда билим берүү уюмунун арызы боюнча сертификаттын дубликаты берилет. Сертификаттын дубликатын берүү тууралуу ыйгарым укуктуу органдын чечими арыз катталган күндөн тартып 14 жумушчу күндөн ашпаган мөөнөттө кабыл алынат. Сертификаттын дубликаты “Дубликат” деген белги менен бир нускада тарызделет.

Аккредитациялоо жүргүзүү жөнүндө арыз, комиссиянын тышкы баалоо боюнча корутундусу, ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө, аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөө жөнүндө чечими, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемелери менен көчүрмөсү, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө чечим жана ага тиркелген

[12] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы № 189 токтомуна 1-тиркеме.

документтер, ошондой эле текшерүүлөрдү жүргүзүү менен байланышкан документтер ыйгарым укуктуу органда сакталууга тийиш.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын (программалардын) реестрин электрондук түрдө жүргүзөт, аларды өзүнүн сайтына жайгаштырат жана жылына кеминде бир жолу жаңылап турат.

Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын (программалардын) реестри чечим кабыл алынган жана каттоо номери ыйгарылган датаны көрсөтүү менен түзүлөт. Реестрди жүргүзүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

Реестрге маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо жөнүндө буйругу саналат. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын (программалардын) реестри жөнүндө маалымат ыйгарым укуктуу органда беш жыл сакталат, андан кийин архивге тапшырылат.

Колдонулган адабияттар

- КР 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы, 2021-жылдын 23-мартындагы № 38 редакциясына ылайык;
- КР 1999-жылдын 26-ноябрындагы №129 “Башталгыч кесиптик билим берүү жөнүндө” мыйзамы, 2021-жылдын 22-майындагы № 64 редакциясына ылайык;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 505 токтому, Кыргыз Республикасындагы Квалификациялардын улуттук системасынын концепциясы;
- КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы № 491 “Квалификациялардын улуттук алкагын жактыруу жөнүндө” токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 “2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында Билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы № 670 “Билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациялоо тартибин бекитүү жөнүндө” токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы №670 “Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануу тартиби жөнүндө” токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы №670 “КР Билим берүү системасында көз карандысыз аккредитациялоо жөнүндө актыларды бекитүү тууралуу” токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 25-апрелиндеги № 245 “БКБ БУ жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтому, 2014-жылдын 1-сентябрындагы № 512 токтомунун редакциясына ылайык;
- КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-январындагы № 41 “Кыргыз Республикасынын Башталгыч кесиптик билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө” токтому;
- КР БИМдин 2021-жылдын 25-февралындагы № 173/1 “Кесиптик билим берүү уюмунун ИССК жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу” буйругу;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-декабрындагы №904/1 “Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча документтерди бекитүү жөнүндө” буйругу;
- Assuring quality in vocational education and training. The role of accrediting VET providers. Cedefop, Reference series 99. Luxembourg: Publications Office of the European Union, 2015;
- Handbook for VET providers. Supporting internal quality management and quality culture. Cedefop, Reference series 99, Luxembourg: Publications Office of the European Union, 2015;
- EQAVET indicators: [Электрондук ресурс] https://www.eqavet.eu/EU-Quality-Assurance/For-VET-Providers/monitoring-your-system/evaluation/EQAVET-Indicators; (кайрылуу датасы: 04.02.2021);
- Standards and Guidelines for Quality Assurance in the European Higher Education Area (ESG). (2015). Brussels, Belgium;
- Quality assurance in the SACE — roles and responsibilities. Ref: A787236,0.5. Last Updated: 24/01/2019 12:03 PM;
- Proposed indicators for assessing technical and vocational education and training. Working Document. Inter-Agency Working Group on TVET indicators, 2014.